**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

## Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик болжолдоо системасын жана Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолун иштеп чыгуу тартибин бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолдорун иштеп чыгууну өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин $81^{1}$-беренесинин 1-бөлүгүнө, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик болжолдоо системасы (мындан ары – Система) 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолун иштеп чыгуу тартиби (мындан ары – Тартип) 2-тиркемеге ылайык.

2. Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары жана мамлекеттик бийликтин башка органдары социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн тиешелүү болжолдорун иштеп чыгууда ушул токтом менен бекитилген Системаны жана Тартипти жетекчиликке алсын.

3. Илимий-билим берүү уюмдарына жана мекемелерине, жеке ишканаларга/уюмдарга, мамлекеттин катышуусу бар чарбалык субъекттерге социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолдорун иштеп чыгууда ушул токтом менен бекитилген Системаны жана Тартипти жетекчиликке алуу сунушталсын.

4. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 9-октябрындагы № 557 “Кыргыз Республикасынын Финансылык

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

программалоо модели жана аны пайдалануу боюнча колдонмо жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 17-майындагы № 239 "Кыргыз Республикасында мамлекеттик болжолдоонун системасын жана Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн болжолдорун иштеп чыгуунун тартибин бекитүү жөнүндө" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 17-майындагы № 265 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 17-майындагы № 239 "Кыргыз Республикасында мамлекеттик болжолдоонун системасын жана Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн болжолдорун иштеп чыгуунун тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.А. Касымалиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Касымалиев А.А.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Об утверждении Системы государственного прогнозирования в Кыргызской Республике и Порядка разработки прогноза социально-экономического развития Кыргызской Республики**

В целях совершенствования разработки прогнозов социально-экономического развития Кыргызской Республики, в соответствии с частью 1 статьи $81^1$ Бюджетного кодекса Кыргызской Республики, статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Утвердить:

1) Систему государственного прогнозирования в Кыргызской Республике (далее – Система) согласно приложению 1;

2) Порядок разработки прогноза социально-экономического развития Кыргызской Республики (далее – Порядок) согласно приложению 2.

2. Министерствам, государственным комитетам, административным ведомствам, полномочным представителям Президента Кыргызской Республики в областях, мэриям городов Бишкек и Ош и иным органам государственной власти при разработке соответствующих прогнозов социально-экономического развития руководствоваться Системой и Порядком, утвержденными настоящим постановлением.

3. Рекомендовать научно-образовательным организациям и учреждениям, частным предприятиям/организациям, хозяйствующим субъектам с государственным участием при разработке прогнозов социально-экономического развития руководствоваться Системой и Порядком, утвержденными настоящим постановлением.

4. Признать утратившими силу:

1) постановление Правительства Кыргызской Республики «О Модели финансового программирования Кыргызской Республики и руководстве по ее использованию» от 9 октября 2013 года № 557;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

2) постановление Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении Системы государственного прогнозирования в Кыргызской Республике и Порядка разработки прогноза социально-экономического развития Кыргызской Республики» от 17 мая 2018 года № 239;

3) постановление Кабинета Министров Кыргызской Республики «О внесении изменений в постановление Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении Системы государственного прогнозирования в Кыргызской Республике и Порядка разработки прогноза социально-экономического развития Кыргызской Республики» от 17 мая 2018 года № 239» от 17 мая 2023 года № 265.

5. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

6. Настоящее постановление вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

**Председатель**
**Кабинета Министров**
**Кыргызской Республики** **А.А. Касымалиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Касымалиев А.А.

1-тиркеме

# Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик болжолдоо системасы

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик болжолдоо системасы (мындан ары – Мамлекеттик болжолдоо системасы) – өлкөнүн орто мөөнөттүү (3 жылдан 5 жылга чейин) жана узак мөөнөттүү (10 жыл жана андан көп) өнүктүрүүнү камсыз кылуучу мамлекеттик болжолдоо принциптеринен, документтерден, процесстерден жана катышуучуларынан турган өз ара байланыштагы элементтердин жыйындысы.

2. Мамлекеттик болжолдоо системасы Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик болжолдоо процессинин катышуучуларынын ортосунда келип чыгуучу өз ара мамилелерди камтыйт жана мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, Мамлекеттик болжолдоо системасынын башка катышуучуларынын ишин мамлекеттик болжолдоонун алкагында координациялоонун негиздерин белгилейт.

3. Мамлекеттик болжолдоо – Кыргыз Республикасынын региондорун социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолдонгон негизги көрсөткүчтөрүнүн жана максаттуу багыттарынын мүмкүн болгон абалдарын көрсөтүү менен алдыдагы мезгилге карата Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн максаттары, багыттары жана артыкчылыктары жөнүндө илимий негизделген түшүнүктөрдү иштеп чыгуу боюнча мамлекеттик бийлик органдарынын жана болжолдоо процессинин башка катышуучуларынын иши.

4. Мамлекеттик болжолдоо системасы негизги принциптерди, катышуучулардын жоопкерчилигин белгилейт, мамлекеттик стратегиялык башкаруунун документтеринин системасын аныктайт жана иштеп чыгууга, бекитүүгө, ишке ашырууга, мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого байланышкан мамилелерге жайылтылат.

5. Мамлекеттик болжолдоо системасын укуктук жөнгө салуу Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине негизделет жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, башка ченемдик укуктук актыларына жана ушул Мамлекеттик болжолдоо системасына ылайык жүзөгө ашырылат.

## 2-глава. Мамлекеттик болжолдоо системасынын принциптери

6. Мамлекеттик болжолдоо системасы төмөнкүдөй принциптерге негизделет:

1) биримдик жана бүтүндүк – мамлекеттик болжолдоо чөйрөсүндөгү мыйзамдардын, Мамлекеттик болжолдоо системасынын уюштуруу жана иштөө принциптеринин биримдиги, мамлекеттик болжолдоо процессин ишке ашыруу тартибинин биримдиги;

2) максаттуулук – мамлекеттин активдүү аракеттери аркылуу экономикада жетишүүгө тийиш болгон максаттарды жана көрсөткүчтөрдүн бааланган сандык маанилерин камтыган болжолдоо;

3) ички тең салмактуулук – Мамлекеттик болжолдоо системасынын бардык документтеринин макроэкономикалык максаттар, милдеттер жана болжолдонуучу көрсөткүчтөр боюнча өз ара макулдашылуусу;

4) комплекстүүлүк – экономикалык, саясий, укуктук жана башка факторлорду эске алуу менен болжолдоодо ар тараптуу талдоо жүргүзүү, параметрдин (көрсөткүчтүн) өнүгүү тарыхын тактоо жана болжолдоону иштеп чыгуу;

5) альтернативдүүлүк (көп варианттуулук) – кырдаал өзгөрсө, башка вариантты колдонууга мүмкүн болгон бир нече болжолдоо варианттарын иштеп чыгуу сунушталат;

6) адекваттуулук – реалдуу процесстердин стохастикалык (ыктымалдык) мүнөзүн эске алуу жана аныкталган тенденцияларды ишке ашыруу ыктымалдыгын баалоо менен болжолдонгон маанилерди реалдуулукка, тенденцияларга, мыйзам ченемдүүлүккө максималдуу жакындаштыруу;

7) мамлекеттик болжолдоо процессинин катышуучуларынын белгиленген компетенциясынын чегинде максаттарга жетүү жана милдеттерди чечүү жолдорун жана ыкмаларын тандоодогу өз алдынчалыгы;

8) мамлекеттик болжолдоо процессинин катышуучуларынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген компетенциясынын чегинде өлкөнү өнүктүрүүнүн максаттуу көрсөткүчтөрү боюнча милдеттерди чечүүнүн натыйжалуулугунун төмөндүгү жана жетишилбеген жыйынтык үчүн жоопкерчилиги;

9) ачык-айкындык – экономикалык коопсуздук маселелерине тиешелүү маалыматтарды камтыган жоболорду кошпогондо, Мамлекеттик болжолдоо системасынын документтерин милдеттүү түрдө жарыялоо;

10) үзгүлтүксүздүк, улантуучулук жана ырааттуулук – Мамлекеттик болжолдоо системасынын иштөөсүнүн үзгүлтүксүз механизмин камсыз кылуучу максаттарга жана милдеттерге ийгиликтүү жетишүүнүн үч компоненти.

## 3-глава. Мамлекеттик болжолдоо системасынын документтери

7. Мамлекеттик болжолдоо системасынын документтерине төмөнкүлөр кирет:

1) Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн 10 жана андан көп жылга карата улуттук стратегиясы;

2) Кыргыз Республикасынын орто мөөнөттүү мезгилге мамлекеттик программасы (3 жылдан 5 жылга чейин);

3) орто мөөнөттүү мезгилге региондорду социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн стратегиялары жана программалары (3 жылдан 5 жылга чейин);

4) Кыргыз Республикасын орто мөөнөттүү мезгилге социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолу (3 жылдан 5 жылга чейин);

5) Кыргыз Республикасынын орто мөөнөттүү мезгилге фискалдык саясатынын негизги багыттары;

6) Кыргыз Республикасынын кезектеги бюджеттик жылга жана пландык мезгилге республикалык бюджети;

7) кезектеги бюджеттик жылга жана пландык мезгилге жергиликтүү бюджеттер;

8) сектордук/тармактык программалар;

9) уставдык капиталында мамлекеттин катышуусу менен мамлекеттик ишканаларды жана улуттук компанияларды социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн стратегиялык документтери.

## 4-глава. Мамлекеттик болжолдоо системасынын процесси жана процесстин катышуучулары

8. Мамлекеттик болжолдоо системасынын процессине документтерди иштеп чыгуу, бекитүү, ишке ашыруу, мониторинг жүргүзүү, баалоо, максаттуу багыттарды оңдоп-түзөө, ишке ашырууну контролдоо кирет.

Иштеп чыгуу – болжолдоо процессин башкаруу моделин/схемасын жана макроэкономикалык болжолдоо инструменттерин колдонуу менен өлкөнү социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолун түзүү.

Мониторинг жүргүзүү – Мамлекеттик болжолдоо системасынын документтерин ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты чогултуу, системалаштыруу, талдоо жана жалпылоо.

Баалоо – Мамлекеттик болжолдоо системасынын документтерин ишке ашыруунун натыйжалуулугуна жетүү даражасын аныктоо инструменти.

Контролдоо – бузууларды аныктоо, жоюу жана жол бербөө максатында Мамлекеттик болжолдоо системасынын документтеринин толуктугун жана өз убагында аткарылышын талдоо.

9. Социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолу жалпы республика, экономиканын секторлору жана тармактары, Кыргыз Республикасынын региондору боюнча иштелип чыгат.

10. Социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолу ички жана тышкы экономикалык, социалдык жана башка факторлордун мүмкүн болуучу таасирин эске алган ар түрдүү варианттарда иштелип чыгат.

11. Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолу экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан экономикалык өнүктүрүү жаатындагы бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгууга жана ишке ашырууга ыйгарым укук берилген аткаруу бийлигинин борбордук органы тарабынан түзүлөт.

12. Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолун берүү, кароо жана бекитүү тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолун иштеп чыгуу тартиби менен регламенттелет.

13. Мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мамлекет катышкан юридикалык жактар, коомдук, илимий жана жеке ишканалардын/уюмдардын өкүлдөрү, жеке жактар Мамлекеттик болжолдоо системасынын процессинин катышуучулары болуп саналат, ошол эле учурда орто мөөнөттүү болжолду иштеп чыгууга катышуу мамлекеттик, коммерциялык, кызматтык жана мыйзам менен корголуучу башка маалымат жөнүндө улуттук мыйзамдардын талаптарын сактоо менен жүргүзүлөт.

2-тиркеме

# Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолун иштеп чыгуу тартиби

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолун иштеп чыгуу тартиби (мындан ары – Тартип) Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык иштелип чыкты жана мамлекеттик башкаруунун республикалык жана жергиликтүү деңгээлдеринде Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолдорун иштеп чыгуу эрежелерин жана процессин, ошондой эле болжолду иштеп чыгуу процессинде республикалык жана жергиликтүү аткаруу бийлигинин органдарынын өз ара аракеттенүү механизмдерин аныктайт.

2. Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолу (мындан ары – Болжол) өлкөнү стратегиялык өнүктүрүүнүн өз ара байланышын белгилөө максатында Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн стратегиялык артыкчылыктарын, мамлекеттик жана сектордук/тармактык программаларды, социалдык-экономикалык болжолдоонун жана бюджеттик пландоонун параметрлерин эске алуу менен мамлекеттик башкаруунун республикалык жана жергиликтүү деңгээлдеринде жыл сайын орто мөөнөттүү мезгилге иштелип чыгат жана төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) Болжол – мамлекеттик башкаруунун республикалык деңгээлинде иштелип чыгуучу социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолу – макроэкономикалык максаттуу параметрлер, социалдык көрсөткүчтөрдүн параметрлери, жылдарга бөлүү менен Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн тенденциялары, артыкчылыктары жана көрсөткүчтөрү;

2) региондордун Болжолу – мамлекеттик башкаруунун жергиликтүү деңгээлинде иштелип чыгуучу социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолу – региондорду өнүктүрүүнүн сектордук/тармактык максаттары, жылдарга бөлүү менен региондорду социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн тенденциялары, артыкчылыктары жана көрсөткүчтөрү;

3) сектордук деңгээлдеги Болжол – өлкөнү/регионду өнүктүрүүнүн макроэкономикалык милдеттерине жараша экономиканын секторлорун/тармактарын өнүктүрүүнүн максаттарын жана негизги багыттарын белгилөө, жылдарга бөлүү менен секторлорду/тармактарды өнүктүрүүнүн тенденциялары, мыйзам ченемдүүлүгү, көрсөткүчтөрү.

3. Мамлекеттик башкаруунун республикалык деңгээлиндеги Болжол экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу

мамлекеттик орган тарабынан аткаруу бийлигинин борбордук органдары, региондордун аткаруу органдары жана Кыргыз Республикасында мамлекеттик болжолдоо системасынын башка катышуучулары тарабынан берилүүчү маалыматтардын негизинде макроэкономикалык саясаттын негизги багыттарын эске алуу менен Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн тышкы жана ички шарттарын талдоонун негизинде иштелип чыгат жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

4. Региондорду социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолу Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар тарабынан тармактык министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволордун көмөк көрсөтүүсү менен иштелип чыгат жана экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга топтоо/жалпылоо үчүн жөнөтүлөт.

5. Болжол республикалык жана жергиликтүү мамлекеттик башкаруу органдарынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын жана пландарын, Кыргыз Республикасынын орто мөөнөттүү мезгилге фискалдык саясатынын негизги багыттарын иштеп чыгуу жана орто мөөнөттүү мезгилге республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди түзүү үчүн негиз болуп саналат.

6. Макроэкономикалык жана социалдык параметрлердин болжолу орто аралык мүнөзгө ээ жана учурдагы натыйжаларды баалоону жана жаңы ички жана тышкы факторлорду/тобокелдиктерди аныктоону эске алуу менен болжолдонгон мезгил ичинде кайра каралышы мүмкүн.

7. Узак мөөнөттүү болжолдорду иштеп чыгуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тапшырмасына ылайык жүзөгө ашырылат, анда узак мөөнөттүү Болжол жөнүндө документтин долбоорун берүү тартиби жана мөөнөттөрү көрсөтүлөт.

## 2-глава. Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолунун түзүмү

8. Мамлекеттик башкаруунун республикалык деңгээлинде иштелип чыгуучу болжол төмөнкү бөлүмдөрдөн турат:

1) социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн учурдагы тенденциясы;

2) орто мөөнөттүү мезгилге социалдык-экономикалык өнүктүрүү шарттарынын мүнөздөмөлөрү (тышкы жана ички факторлор);

3) макроэкономикалык саясаттын негизги багыттары;

4) негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөр (өткөн жылда иш жүзүндө, учурдагы мезгил жана 5 болжолдуу жыл);

5) экономиканын реалдуу секторун өнүктүрүүнүн тенденциялары жана келечектери (өткөн жылда иш жүзүндө, учурдагы мезгил жана 5 болжолдуу жыл), анын ичинен өнөр жайда, айыл чарбада, курулушта жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө;

6) орто мөөнөттүү мезгилге социалдык саясаттын негизги багыттары;

7) региондорду өнүктүрүүнүн негизги багыттары, анын ичинде региондук дүң продуктунун чоңдугу (өткөн жылда иш жүзүндө, учурдагы мезгил жана 5 болжолдуу жыл).

9. Болжолдун көрсөткүчтөрүнүн тизмеги бул Тартиптин болжолдонуучу көрсөткүчтөрүнүн формалары менен 2–15-тиркемелерге ылайык аныкталат.

10. Мамлекеттик башкаруунун жергиликтүү деңгээлинде иштелип чыгуучу региондорду социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолу төмөнкү бөлүмдөрдөн турат:

1) регионду социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн учурдагы тенденцияларынын мүнөздөмөлөрү;

2) регионду социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн негизги артыкчылыктары (анын ичинде капиталдык салымдардын көлөмү менен региондо ишке ашырылуучу өндүрүштүк, инфраструктуралык, социалдык долбоорлордун тизмеги);

3) болжолдонуучу көрсөткүчтөрдүн өсүшүнө/төмөндөшүнө таасир этүүчү факторлордун мүнөздөмөлөрү;

4) региондорду өнүктүрүү боюнча саясаттын ишке ашырылып жаткан жана сунушталган чаралары;

5) региондун экономикасынын секторлорун/тармактарын өнүктүрүүнүн тенденциялары жана келечектери, социалдык көрсөткүчтөрүнүн параметрлери (өткөн жылда иш жүзүндө, учурдагы мезгил жана 5 болжолдуу жыл);

6) региондук дүң продуктунун чоңдугу (өткөн жылда иш жүзүндө, учурдагы мезгил жана 5 болжолдуу жыл);

11. Региондорду социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолунун көрсөткүчтөрүнүн тизмеги бул Тартиптин болжолдонуучу көрсөткүчтөрүнүн формалары менен 4–15-тиркемеге ылайык аныкталат.

12. Кыргыз Республикасында Мамлекеттик болжолдоо системасынын катышуучуларынын бул Тартиптин 2–15-тиркемелериндеги болжолдонуучу көрсөткүчтөрдүн тизмеги менен жыйынды таблицаларды түзүүсү белгиленген компетенциянын чегинде өз алдынча тандалып алынган методдорго ылайык жана экономикалык болжолдоо инструменттерин колдонуу менен эсептөө таблицаларынын негизинде жүзөгө ашырылат.

13. Республиканы, региондорду социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолдуу параметрлерин эсептөө үчүн зарыл болгон көрсөткүчтөрдүн формалары жана тизмеги стратегиялык жана программалык документтерге ылайык стратегиялык максаттарга жана артыкчылыктарга жараша аныкталышы мүмкүн жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берилүүчү айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарынын алкагында экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын буйругу менен бекитилет.

## 3-глава. Болжолду иштеп чыгуу тартиби

14. Болжолду иштеп чыгуу ушул Тартиптин 1-тиркемесине ылайык социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолун иштеп чыгууну мамлекеттик башкаруунун схемасы (болжолдоо процессин башкаруу модели) боюнча жүзөгө ашырылат.

15. Тартип төмөндө келтирилген ырааттуулук боюнча жүзөгө ашырылат:

1) тармактык министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор мамлекеттик башкаруунун республикалык деңгээлинде, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары мамлекеттик башкаруунун жергиликтүү деңгээлинде орто мөөнөттүү мезгилге макроэкономикалык сценарийлерди даярдоо үчүн болжолдонуучу жылдан мурунку жылдын 20-февралынан кечиктирбестен экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга тейлеген тармактар/региондор боюнча үч сценарийде социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолдук көрсөткүчтөрүн жана ушул Тартипте көрсөтүлгөн бөлүмдөрдүн түзүмүнө ылайык, ошондой эле ушул Тартиптин 4–15-тиркемелерине ылайык Болжолдун көрсөткүчтөрүнүн тизмесине жана формаларына ылайык Болжолдун бөлүмдөрүнө карата сунуштарды берет;

2) экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тармактык министрликтер, мамлекеттик комитеттер жана административдик ведомстволор тарабынан республикалык деңгээлде, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары тарабынан мамлекеттик башкаруунун жергиликтүү деңгээлинде берилген болжолдук көрсөткүчтөрдүн жана сунуштардын негизинде беш күндүк мөөнөттө ушул Тартиптин 2-тиркемесине ылайык көрсөткүчтөрдүн тизмесине жана формасына ылайык үч сценарийде Негизги макроэкономикалык параметрлердин

болжолунун долбоорун түзөт жана финансылык программалоо боюнча техникалык топко берет;

3) экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду менен биргеликте (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28-мартындагы № 151-т тескемеси менен түзүлгөн финансылык программалоо боюнча техникалык топ) сценарийлик макроэкономикалык шарттарды иштеп чыгат жана реалдуу, тышкы, финансылык, монетардык секторлордун көрсөткүчтөрүн теңдөөнү, ошондой эле алардын өз ара байланышынын чынжырында негизги звенолорду курууну жана натыйжаларды жалпылоону жүзөгө ашырат;

4) экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган орто мөөнөттүү мезгилге макроэкономикалык сценарийлерди жалпылайт жана аларды Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Макроэкономикалык жана инвестициялык саясат боюнча координациялык кеңештин жыйынына кароого киргизет, анда фискалдык саясаттын орто мөөнөттүү мезгилге негизги багыттарын жана кезектеги бюджеттик жылга жана пландык мезгилге Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин долбоорун түзүү үчүн орто мөөнөттүү мезгилге тиешелүү макроэкономикалык параметрлери менен үч макроэкономикалык сценарийдин ичинен бири тандалып алынат;

5) экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тармактык министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары менен биргеликте Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Макроэкономикалык жана инвестициялык саясат боюнча координациялык кеңеш тарабынан жактырылган тандалып алынган макроэкономикалык сценарийдин макулдашылган максаттуу параметрлерин эске алуу менен орто мөөнөттүү мезгилге сектордук/тармактык болжолдордун жана региондорду социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолдорунун долбоорлорун иштеп чыгат;

6) экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Кыргыз Республикасында мамлекеттик болжолдоо системасынын катышуучуларынын такталган маалыматтарынын негизинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Макроэкономикалык жана инвестициялык саясат боюнча координациялык кеңеш жактырган, тандалып алынган макроэкономикалык сценарийдин макулдашылган максаттуу

параметрлерин эске алуу менен республикалык деңгээлде Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү максаттарын баяндоо менен Орто мөөнөттүү мезгилге болжолдун долбоорун иштеп чыгат;

7) экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Орто мөөнөттүү мезгилге болжолдун долбоору боюнча материалдардын пакетин түзөт, тиешелүү мамлекеттик органдар менен макулдашуу жол-жобосун өткөрөт жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна жана бекитүүсүнө жиберет;

8) экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган орто мөөнөттүү мезгилге Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолдуу макроэкономикалык параметрлери жөнүндө маалыматты андан ары орто мөөнөттүү мезгилге Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттарынын долбоорун даярдоо үчүн жумушчу тартипте бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жиберет.

16. Орто мөөнөттүү мезгилге Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолу болжолдонгон жылдан мурунку жылдын 1-июнунан кечиктирилбестен бекитилет жана орто мөөнөттүү мезгилге Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттарын иштеп чыгуу жана кезектеги бюджеттик жылга жана пландык мезгилге республикалык бюджеттин долбоорун түзүү үчүн негиз болуп саналат.

17. Бекитилген Болжол экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий сайтында жайгаштырылат.

18. Экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Болжолдун көрсөткүчтөрүн негиздөө маселелери боюнча бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан кезектеги бюджеттик жылга жана пландык мезгилге Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин долбоорун түзүүгө катышат.

19. Экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Болжолдун көрсөткүчтөрүн негиздөө маселелери боюнча кезектеги бюджеттик жылга жана пландык мезгилге Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин деңгээлинде бюджеттик параметрлерди кароого жана бекитүүгө катышат.

20. Экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Болжолдун көрсөткүчтөрүн негиздөө маселелери боюнча кезектеги бюджеттик жылга жана пландык мезгилге Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин деңгээлинде бюджеттик параметрлерди кароого катышат.

21. Экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган зарыл болгон учурда эсептөөлөр жана Болжолдун мазмундук бөлүгү үчүн Мамлекеттик болжолдоо системасынын катышуучуларынан кошумча маалыматтарды суроого укуктуу.

## 4-глава. Болжолду иштеп чыгууну методологиялык жана маалыматтык камсыз кылуу

22. Болжолду иштеп чыгууда мамлекеттик бийлик органдарынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрияларынын ишин методологиялык жетектөө жана координациялоо экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

23. Экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган мамлекеттик башкаруунун республикалык жана жергиликтүү деңгээлдеринде Болжолду иштеп чыгуу боюнча методологиялык сунуштамаларын иштеп чыгат.

24. Болжолду иштеп чыгуу үчүн материалдар Кыргыз Республикасында мамлекеттик болжолдоо системасынын катышуучулары электрондук документ жүгүртүү системасы аркылуу, эгерде ага жеткиликтүүлүк болсо, ал эми ал жок болгон учурда кагаз/электрондук алып жүрүүчүлөрдө берет. Материалдарды иштеп чыгуу жана берүү тартиби экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилген методикалык сунуштамалар менен аныкталат.

## 5-глава. Болжолду ишке ашыруунун натыйжаларына мониторинг жүргүзүү

25. Болжолду ишке ашыруунун натыйжаларына мониторинг жүргүзүү экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан квартал сайын Кыргыз Республикасынын учурдагы социалдык-экономикалык абалын талдоонун негизинде жүзөгө ашырылат.

26. Секторлорду/тармактарды өнүктүрүүнүн, региондорду, Бишкек жана Ош шаарларын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолдорун ишке ашыруунун жыйынтыктарына мониторинг жүргүзүү тескеген багыттар/региондору боюнча мамлекеттик бийлик органдары учурдагы социалдык-экономикалык абалга талдоо жүргүзүүнүн негизинде отчеттук мезгилден кийинки айдын 20сынан кечиктирбестен, экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга тиешелүү маалыматтарды ай сайын берүү менен жүзөгө ашырылат.

27. Мамлекеттик башкаруунун республикалык жана жергиликтүү деңгээлдеринде Болжолду ишке ашыруунун натыйжаларына мониторинг жүргүзүүнүн негизинде зарылдыгына жараша Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетине, ошондой эле мамлекеттик башкаруунун республикалык жана жергиликтүү деңгээлдеринде колдонулуудагы өнүктүрүү стратегияларына/программаларына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн негиз болуп саналган болжолдуу көрсөткүчтөр кайра каралат.

Кыргыз Республикасын
социалдык-экономикалык
өнүктүрүү болжолун
иштеп чыгуу тартибине
2-тиркеме

**_________-жылдарда Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү**

| Аталышы | _____ жыл | _____ жыл | _____ жыл | _____ жыл | _____ жыл | _____ жыл | _____ жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | алдын ала иш жүзүндө | күтүлүүчү | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол |
| **1. Өндүрүштүк метод менен ИДП** | | | | | | | |
| ИДПнын номиналдуу көлөмү, млн сом | | | | | | | |
| Өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| Дефлятор, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| **Кошумча нарк** | | | | | | | |
| Өнөр жай, млн сом | | | | | | | |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук, млн сом | | | | | | | |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| Курулуш, млн сом | | | | | | | |
| Өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү, млн сом | | | | | | | |
| Өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| Продуктуларга жана импортко карата таза салык, млн сом | | | | | | | |
| **Маалымкат:** | | | | | | | |
| Алтынды эсепке албаганда ИДПнын номиналдуу көлөмү, млн сом | | | | | | | |
| Өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |

| Аталышы | ___ жыл | ___ жыл | ___ жыл | ___ жыл | ___ жыл | ___ жыл | ___ жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **алдын ала иш жүзүндө** | **күтүлүүчү** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** |
| Дефлятор, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| Кумтөр кенин иштетүү боюнча ишканаларды эсепке албаганда ИДПнын номиналдуу көлөмү, млн сом | | | | | | | |
| Өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| Дефлятор, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| **2. Акыркы пайдалануучу методу менен ИДП** | | | | | | | |
| Акыркы керектөө, млн сом | | | | | | | |
| Өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| Анын ичинде: | | | | | | | |
| Жеке керектөө, млн сом | | | | | | | |
| Өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| Мамлекеттик керектөө, млн сом | | | | | | | |
| Өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| Дүң инвестициялар, млн сом | | | | | | | |
| Өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| Анын ичинде: | | | | | | | |
| Мамлекеттик инвестициялар, млн сом | | | | | | | |

| Аталышы | ______ жыл | ______ жыл | ______ жыл | ______ жыл | ______ жыл | ______ жыл | ______ жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **алдын ала иш жүзүндө** | **күтүлүүчү** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** |
| Анын ичинде: мамлекеттик инвестициялардын бюджети (тышкы), млн сом | | | | | | | |
| Жеке инвестициялар, млн сом | | | | | | | |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн таза экспорту, млн сом | | | | | | | |
| Анын ичинде: | | | | | | | |
| Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү экспорттоо, млн сом | | | | | | | |
| Өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү импорттоо, млн сом | | | | | | | |
| Өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| **3. Социалдык көрсөткүчтөр** | | | | | | | |
| Калктын жан башына ИДП, миң сом | | | | | | | |
| Калктын жан башына ИДП, АКШ доллары | | | | | | | |
| Жакырчылыктын деңгээли, % менен | | | | | | | |
| Калктын акчалай кирешеси, млн сом | | | | | | | |
| Өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| Жашоо минимуму, айына сом менен | | | | | | | |
| Эмгекке жарамдуу курактагы калк үчүн жашоо минимуму, айына сом менен | | | | | | | |

| Аталышы | _____ жыл | _____ жыл | _____ жыл | _____ жыл | _____ жыл | _____ жыл | _____ жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | алдын ала иш жүзүндө | күтүлүүчү | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол |
| Пенсиялык курактагы калк үчүн жашоо минимуму, айына сом менен | | | | | | | |
| Калктын жылдык орточо саны, миң адам | | | | | | | |
| Орточо айлык эмгек акы, сом | | | | | | | |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| Эмгекке жарамдуу калк үчүн жашоо минимумуна карата % менен | | | | | | | |
| Пенсиянын орточо айлык өлчөмү, сом | | | | | | | |
| Өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | | | | | | | |
| Пенсионердин жашоо минимумуна карата % менен | | | | | | | |
| Керектөө бааларынын индекси (КБИ) | | | | | | | |
| Өткөн жылдын декабрына карата, % менен | | | | | | | |
| Өткөн жылга карата, % менен | | | | | | | |
| **4. Эмгек ресурстары** | | | | | | | |
| Экономикалык активдүү калктын саны, миң адам | | | | | | | |
| Өсүү темпи, % менен | | | | | | | |
| Иштеген калктын саны, миң адам | | | | | | | |
| Өсүү темпи, % менен | | | | | | | |
| Анын ичинде секторлор боюнча: | | | | | | | |
| Өнөр жай, миң адам | | | | | | | |
| Айыл чарбасы, миң адам | | | | | | | |
| Курулуш, миң адам | | | | | | | |
| Кызмат көрсөтүүлөр, миң адам | | | | | | | |

| Аталышы | _____ жыл | _____ жыл | _____ жыл | _____ жыл | _____ жыл | _____ жыл | _____ жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **алдын ала иш жүзүндө** | **күтүлүүчү** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** |
| Жумушсуздардын саны (жалпы), миң адам | | | | | | | |
| Жалпы жумушсуздуктун деңгээли, % менен | | | | | | | |
| Эмгектин өндүрүмдүүлүгү, % менен | | | | | | | |

Кыргыз Республикасын
социалдык-экономикалык
өнүктүрүү болжолун
иштеп чыгуу тартибине
3-тиркеме

**________-жылдарга Кыргыз Республикасында ИДПны өндүрүү жана акыркы пайдалануу түзүмү**

| Аталышы | _____ жыл | _____ жыл | _____ жыл | _____ жыл | _____ жыл | _____ жыл | _____ жыл |
